**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.09.16.534**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:** ***101.1 (575.2.) (043.3)***

**ЫСМАИЛОВА РАЙКАН АПЖАПАРОВНА**

# АНГЛИС ТИЛИ ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДА: ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

Адистиги: 09.00.11 – социалдык философия

**Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты**

**Бишкек – 2016**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору, профессор **Аскаров Тендик Аскарович**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор **Бөкөшов Жамгырбек Бөкөшович**

философия илимдеринин кандидаты, доцент **Эркинбеков Кылычбек Эркинбекович**

**Жетектөөчү мекеме:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин "Философия жана гуманитардык дисциплиналар" кафедрасы, 720026, Бишкек шаары, Раззакова к, 51

Диссертациялык иш 2016-жылдын 02-ноябрында саат $12^{\underline{00}}$ дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана культурология боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а).

Автореферат 2016 -жылдын «____»____________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, у.и.к.** **Акматова Н. С.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Нечендеген кылымдар бою адамзат универсалдуу, бардык элдер үчүн түшүнүктүү болгон глобалдык тилге муктаж болуп келген, бүгүнкү күндө да мындай зарылдык бар. Ага карабастан маданий-цивилизациялык мейкиндикте жана тарыхый-социалдык мезгилде жалпы аймактарга мүнөздүү болгон тилдер пайда болуп турган. Адамзаттын өнүгүүсүндө айрым тилдер, мисалы, араб жана санскрит маданий тил катары өзүнүн ролун сактаганына карабастан, ааламдашуу процесси глобалдык ченемде бардыгы үчүн болбосо да, планетадагы элдердин көпчүлүгүнө түшүнүктүү болгон тилди жайылтуу зарылдыгын көрсөтөт.

Геосаясий мейкиндиктеги лингвистикалык ар түрдүүлүк мезгил өткөн сайын өсүп, XX кылымда өнүгүүнүн туу чокусуна жеткен. Мындай жагдайда мурунку мезгилдерде бүтүн система катары функцияланып келген сербохорват тили серб, хорват жана босниялык сыяктуу үч тилге бөлүндү. Бирок тилдердин дифференциация процесси менен бирге көптөгөн тилдер тиричиликтик чөйрөдө гана колдонулуп, айрымдары жоголо баштаган.

Ошону менен ааламдашуу шартында коомдун экономикасынын маданиятынын жана саясатынын англо-америкалык моделинин, аны менен бирге англис тилинин жайылуу процесси башталды. Глобалдык маанидеги жалгыз тилге айланбаса да, англис тили жалпы экинчи тил иретинде маданий-цивилизациялык ченемде кеңири колдонулууда.

Чындыгында эле сонку учурда дүйнөлүк экономикада басымдуулук кылган заманбап маалыматтык технологиялар толук бойдон англис тилинин негизинде калыптанып, эл аралык сүйлөшүүлөр сыяктуу эле илимий конференцияларда, форумдарда макалалар англис тилинде окулуп, басылууда. Мындай шартта айрым тилдердин ролу кескин төмөндөшү мүмкүн, бирок аны бир тараптуу баалоого болбойт. Аталган жагдай англис тилинин жалпы дүйнөлүк деңгээлде өздөштүрүлүшү планеталык масштабда элдердин өз ара түшүнүүчүлүккө болгон табигый муктаждыгын камсыздашы менен түшүндүрүлөт. Андан тышкары англис тилинин кенири жайылышы жана «экинчи тил» катары башка маданий-руханий, айрыкча тилдик катмарга сиңиши эне тилден тышкары жашай албаган иденттүүлүккө карама-каршы турат.

Дүйнөдө англис тилинин жайылышына, тактап айтканда, анын экспансиясына карата мамиле да бирдей эмес. Бул жагдайды ааламдашууга кошулуунун натыйжалуу жолу катары кароого болот, ошондой эле англис тилинин дүйнөлүк деңгээлде жайылышынын эне

тилге, улуттук, этникалык маданиятка жана каада-салттарга карата терс таасирлерин да баса белгилөө зарыл.

Ааламдашуу процессинин карама-каршылыктуу мүнөзүн эске алсак, мындай жагдай илимий чөйрөдө олуттуу дискуссияларды жаратып, англис тили бардык элдер үчүн болбосо да, алардын көпчүлүгү үчүн, ошондой эле социалдык-экономикалык, маданий-саясий жана интеллектуалдык элита үчүн экинчи расмий тилге айланышын белгилөөгө болот. Ошол эле учурда англис тили мезгил өтүшү менен башка тилдерге жол берип, өзүнүн азыркы статусун жоготушу мүмкүн. Демек, англис тилинин бүткүл дүйнөлүк тилге айланышы жөнүндөгү маселе көптөгөн талаш-тартыштарды жаратууда. Андан тышкары англис тилинин жана англотилдик мамлекеттердин маданиятынын жайылышына байланыштуу терең жана олуттуу маданий, менталдык өзгөрүүлөр орун алышы шексиз.

Жогоруда белгиленгендердин негизинде ааламдашуу шартындагы англис тилинин болмушун, маани-маанызын философиялык-методологиялык өңүттөн анализдөө илимий-теориялык кызыкчылыкты жаратат.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илим изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп ааламдашуу шартында англис тилинин жайылуусунун натыйжалары саналат.

**Изилдөөнүн предмети** - маданий-руханий жана социалдык-этникалык феномен катары англис тилинин болмушу менен байланышкан маданий жана тилдик процесстердин маани-маанызы.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациянын негизги максаты: англис тилинин дүйнөгө жайылышынын себептерин жана натыйжаларын социалдык-философиялык талдоо.

Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү милдеттери аныкталды:

- тилдин маңызын дүйнөнүн лингвистикалык жана этникалык сүрөттөлүшү менен байланышта изилдөө;

- ааламдашуу процессинин азыркы тилдерге тийгизген таасиринин мүнөзүн жана натыйжаларын иликтөө;

- англис тилинин жайылышынын, анын глобалдык тил статусунун бекемделүү себептерин талдоо;

- азыркы социомаданий кырдаалда англис тилинин этномаданиятка тийгизген таасирин аныктоо;

- маданий-цивилизациялык өнүгүүдөгү лингвистикалык процесстерге байланыштуу кыргыз тилинин абалын жана келечегин мүнөздөө.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизи**

Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин диалектикалык логиканын принциптери (жалпы байланыш, өнүгүү, карама-каршылык, тарыхыйлуулук жана логикалуулук ж.б.) түздү. Ошону менен бирге изилденүүчү проблеманын мазмунун ачуу үчүн илимий таанып-билүүнүн формалдык-логикалык жана тарыхый-салыштырма ыкмалары, цивилизациялык-маданият таануучулук, синергетикалык усулдар пайдаланылды.

Изилдөөдө ааламдашуу процессинин контекстинде англис тилинин эволюциялык табияты жөнүндөгү чет өлкөлүк, ошондой эле ата мекендик изилдөөчүлөрдүн философиялык, социологиялык жана линвистикалык иликтөөлөрү колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

Иштин илимий жанылыгына төмөнкү логикалык жоболорду кошууга болот:

- тилдин маани-маңызы дүйнөнүн тилдик жана этникалык сүрөттөлүштөрүнүн контекстинде чечмеленди;

- ааламдашуу процессинин азыркы тилдердин болмушуна тийгизген таасирлери анализге алынды;

- англис тилинин социалдык-руханий чөйрөдө жайылуу себептери жана глобалдык тил ченеми изилденди;

- азыркы геосоциалдык мейкиндиктеги англис тилинин этномаданияттын функцияланышындагы таасири иликтенди;

- глобалдык лингвистикалык процесстердин түзүмүндөгү кыргыз тилинин өнүгүшү жана келечеги экспликацияланды.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси**

Илимий иштин теориялык мааниси ааламдашуу шартындагы лингвистикалык процесстер жөнүндөгү социалдык-философиялык концепцияларды кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Диссертациядагы теориялык-методологиялык нуктагы натыйжаларды азыркы социалдык-лингвистикалык процесстерди талдоодо, тилдин келечектеги өнүгүү тенденциясы менен байланышкан проблемаларды өздөштүрүүдө, чечмелөөдө колдонууга болот.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын жана жыйынтыктарын, ошондой эле анын теориялык-методологиялык жоболорун ЖОЖдогу социалдык философия, маданият философиясы, глобалистика, лингвофилософия, этнолингвистика, дүйнөлүк маданият тарыхы боюнча атайын курстарды окутууда пайдаланууга мүмкүн. Ошону менен бирге эле изилдөөнүн теориялык жана методологиялык корутундуларын

ааламдашуу шартында Кыргызстандагы эне тилин жана англис тилдерин окутуу программаларын түзүү маселелери боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгууда пайдаланууга болот.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. «Дүйнөнүн тилдик сүрөтү» жана «дүйнөнүн баалуулуктук сүрөтү» сыяктуу категориялардын ортосунда түз жана кыйыр байланыштар бар. Баалуулуктар вербалдык мүнөздө белгиленип, социалдык-лингвистикалык талдоого алынат. Ар бир элдин менталдуулугу жашоо образынан башка тилде жана коммуникативдик жүрүм-турум стилинде чагылдырылган базалык аксиологиялык системадан тышкары функциялана албайт. Дүйнөнүн этникалык баалуулуктук сүрөттөлүшүндө тигил же бул этнос үчүн маңыздуу болгон аксиологиялык негиздер катышып, жалпылап алганда маданияттын тигил же бул конкреттүү тиби түзүлөт, ал белгилүү тилде бекемделип, колдоого алынат жана сакталат.

2. Ар бир жаран бирдиктүү тилге муктаж. Маданий-цивилизациялык өнүгүү процессиндеги ааламдашуу феномени зарылдык түрдө бардык мамлекеттердин жана элдердин бирдиктүү социалдык-экономикалык, маданий-руханий системага интеграцияланышына алып келет. Ааламдашуунун негизин маалыматтык революция түзүп, ал коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнө, тактап айтканда, экономикага, саясатка, маданиятка, руханий-нравалык өнүгүүгө, этникалар жана конфессиялар аралык мамилелерге, ошондой эле тилге, билим берүүгө чечкиндүү таасирин тийгизет. Ааламдашуунун маданий өзөгү батыш цивилизациясы болсо, анын лингвистикалык негизи катары англис тили таанылды.

3. Адамзаттын сонку өнүгүшү белгилүү даражада маалыматтык технологиялардын жана байланыш каражаттарынын өсүшү менен шартталат, бул жагдай башка тилдерге салыштырмалуу англис тилинин маани-маңызын күчөтөт. Анткени азыркы учурда англис тилиндеги маданий-руханий маалыматтардын көлөмү башка тилдерге караганда басымдуулук кылат. Демек, англис тилинин маалыматты берүү боюнча үстөмдүгүн жакынкы келечекте дүйнөлүк тилдердин бири да четке кага албайт. Англис тилинин мындай болмушу түрдүү социалдык-лингвистикалык системаларды өзгөрүүгө дуушар кылып, менталдык мейкиндиктин белгилүү денгээлде бурмаланышына алып келиши мүмкүн.

4. Салттуу баалуулуктар менен улуттук тилди сактоо проблемасын байланыштырып карай турган болсок, алардын ортосунда түз байланыш бар.

Социалдык-маданий тажрыйба далилдегендей, улуттук же этникалык тилдер салттуу маданияттын чегинде жакшы жана жогорку даражада сакталат. Андыктан, салттуу маданияттардын аксиологиялык ченемдердин сакталып, корголушу улуттук тилдин сакталышына өбөлгө түзөт. Этникалык маданияттагы нарк-насилдер, баалуулуктар тилдердин маани-маңызынын тереңдешине, этнофилософиялык ченеминин өсүшүнө мүмкүндүк түзөт. Англис тилинин ааламдашуусу улуттук маданияттын баалуулуктарынын өзгөрүшүнө алып келет. Мындай жагдайда маданияттарды сактап калуу идеясы негизги орунга чыгат.

5. Кыргыз эли дүйнө элдеринен бөлүнө албайт, демек, биз билингвизмден баш тарта албайбыз, ал тарыхый келечекте көп (үч) тилдүүлүккө өтүшү мүмкүн. Кыргызстандагы урбанизациянын салыштырмалуу анча өнүкпөгөн жагдайы демографиялык жана социалдык-лингвистикалык көз караштан алып караганда оң натыйжага өбөлгө түзөт. Айыл калкы басымдуулук кылган биздин өлкөбүздө төрөлүүнүн жогорку деңгээлинин натыйжасында көп балалуу үй-бүлөлөр көбөйүп, кыргыз калкынын өнүгүшү эне тилибиздин андан ары өнүгүп, сакталышына шарт түзөт. Бул өңүттө көп тилдүүлүктүн алкагында мамлекеттик тилибизди ыргактуу өнүктүрүп, андагы салттуу баалуулуктарды коргоо элибиздин парызы болуп саналат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Изденүүчүнүн жеке салымы англис тилинин дүйнөгө жайылуу процессин жана анын натыйжаларын социалдык-философиялык талдоонун негизинде алынган жоболор жана корутундулар менен мүнөздөлөт.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору ОшМУда Эл аралык котормочулар күнүнө арналып уюштурулган эл аралык илимий-теориялык конференциялардын (Ош, 2014, 2015), профессор Б. М. Мурзубраимовдун 75 жылдыгына арналган эл аралык илимий- практикалык конференциянын (Ош, 2015), «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары» аттуу илимий-практикалык конференциянын (Ош, 2015), К.Тыныстанов атындагы Ыссык-Көл мамлекеттик университетинин 75 жылдыгына арналган «Глобалдаштыруу жана интеграциялоонун азыркы шарттарында илим жана билим берүүнүн гармонизациясы» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (Каракол, 2015), “Духовная безопасность молодежи Кыргызстана: проблемы и поиски” аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын (Ош, 2016), «Языковое образование в условиях социокультурной трансформации современного общества» аттуу эл аралык форумдун (Казахстан, 2016) жана чет элдик илимий журналдардын (РИНЦ, Чебоксары, 2015, 2016), (Белгород, 2015) материалдарында чагылдырылган.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Илимий изилдөөнүн негизги натыйжалары 12 илимий макалада чагылдырылды, анын ичинде 4 макала Россияда (РИНЦ) “Интерактив плюс” жана “Успехи современной науки” журналдарында жарык көрдү.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун философиянын тарыхы, тааным теориясы, илимдердин тарыхы жана философиясы, социалдык философия, этика жана эстетика бөлүмдөрүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталды.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 157 бет.

# ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Киришүүдө»** теманын актуалдуулугу белгиленип, анын изилденүү даражасы мүнөздөлдү, иштин максаты менен негизги милдеттери аныкталды, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган жоболор мүнөздөлдү, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Тил проблемасын изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери» -** аттуу биринчи бапта тилдин маңызы дүйнөнүн лингвистикалык сүрөттөлүшү менен тыгыз байланышта каралып, ааламдашуу процессинин азыркы тилдердин болмушуна тийгизген таасири талданат.

**«Тилдин маңызы жана дүйнөнүн тилдик сүрөтү»** деп аталган биринчи параграфта тилдин маңызы дүйнөнүн тилдик жана этникалык сүрөттөлүшү менен тыгыз байланышта изилденет.

Ааламдашуу процесси этностордун маданий баалуулуктарын белгилүү даражада өзгөрүүгө дуушар кылуу менен бирге социалдык-лингвистикалык жагдайга да олуттуу түрдө таасирин тийгизүүдө. Бул багыттагы өзгөрүүлөрдүн бири катары маданий-цивилизациялык өнүгүү мейкиндигинде айрым тилдердин кыскаруу процессин кароого болот. Аталган жагдайда А.Печчеи мындай деп жазган: «Элдердин жана улуттардын маданий өзгөчөлүктөрүн сактоо жана коргоо адамзаттык прогресстин жана өздүк чагылдыруунун чечүүчү учуру болуп саналат» [Печчеи, А. Человеческие качества.– 292–310-б.]. Демек, адамзаттын эволюциялык табиятындагы олуттуу жагдай болуп элдердин жана этностордун маданий өзгөчөлүктөрүн, алардын ичинде тилдерин коргоо жана сактоо эсептелет. Ушуга байланыштуу ааламдашуу шартында лингвистикалык процесстердин функцияланышын, айрыкча англис тилинин дүйнөлүк тил катары таанылышынын өбөлгөлөрүн, себептерин изилдөө үчүн тилдин социомаданий баалуулуктарын, онтологиялык ченемдерин талдоого алуу максатка ылайыктуу.

Лингвистикалык процесстердин маңызына ойчулдар антикалык доордо эле кайрылышып, Сократ, Платон жана Аристотель көптөгөн баалуу идеяларды калтырышкан. Гностицизм жана башка ушул сыяктуу диний окууларда бирдиктүү тил жөнүндөгү идея пайда болуп, ал Кайра Жаралуу доорунда өнүккөн. Италиялык гуманисттер грек, латын тилдерин изилдеп, классикалык филологияны негиздешкен. Жаңы мезгилдеги философия (Ф. Декарт, Ф. Бэкон, Дж. Локк, Т. Гоббс, Ф. Лейбниц) тилди акыйкатты таанып - билүнүн зарыл каражаты иретинде караган.

Ж.Ж. Руссо, Э. Кондильяк, А. Смит, И. Гердер, Ж. Пуаре, Л.В. Щерба, Ф.де Соссюр, В. Гумбольт, И. Гердер жана башка ушул сыяктуу

изилдөөчүлөр тилди адам рухунун өнүгүшүнүн өзгөчө формасы катары талдоого алышкан. Штейнталь, Потебня салыштырма тил таануу мектебин негиздешкен. Гумбольттун көз караштарынын негизинде тил рухту таанып-билүүчү каражат катары каралган. XX кылымдагы философияда жогоруда каралган багыт менен катар аналитикалык философия да тилдин онтологиясына көңүл буруп, лингвистикалык процесстерди терең изилдеген. Б. Рассел, Д. Мур, А. Уатхед, Х. Райхенбах, М. Шлик жана башка изилдөөчүлөр тилди маңыздык жактан реформалоого үндөшкөн.

Ааламдашуу шартында лингвистикалык процесстердин функцияланышын, анын ичинде англис тилинин дүйнөлүк тил катары таанылышынын себептерин изилдөө үчүн тилдин социомаданий баалуулуктарын, онтологиялык өзгөчөлүктөрүн талдоого алуу максатка ылайыктуу. Аталган багытта Т.А. Аскаров, Ш.Б. Акмолдоева, А.А. Бекбоев, Ж.Б. Бокошов, А.Х. Бугазов, А.А. Брудный, М.Ж. Жумагулов, Э.И. Исмаилова, А.К. Кулназаров, Ы.М. Мукасов, Р.Д. Стамова, О.А. Тогусаков, Ж.К. Урманбетова, А.Б. Элебаева жана башка ата-мекендик окумуштуулардын онтологиялык проблемаларга арналган эмгектерине көңүл буруу зарыл.

Тарыхый-маданий өнүгүүнүн динамикасы көрсөткөндөй, тилде тигил же бул этникалык социумдун, элдин кылымдарды карыткан тажрыйбасы топтолуп, андагы баалуулуктар дүйнөнүн этникалык сүрөтүндө да айырмачылыктарды пайда кылат. «Дүйнөнүн этникалык сүрөтү» түшүнүгү этностун социалдык-экономикалык, маданий-руханий жана тарыхый өзгөчөлүктөрү менен байланышкан, ал этностун өздүк тилинде бекемделип, дүйнө образын концентрацияланган түрдө чагылдырат. Дүйнөнүн этникалык сүрөтүнүн маныздуу белгилери маданияттын негизги мүнөздөрүн аныктоочу механизм катары тилде синирилет, анын натыйжасында муундардын этномаданий тажрыйбасы топтолуп, этностун тил дүйнөсүндө жүрүм-турум нормалары жана коомдук жашоо-турмушту уюштуруунун өзгөчөлүктөрү калыптанат.

Тил этноменталдык жана этносоциалдык элестөөлөрдү алып жүрүүчү баалуу каражат экендигин эске алсак, ар бир этностун коммуникативдик мейкиндигинин лексикалык курамы тарыхый-маданий өнүгүү процессинде калыптанып, бул жагдай социумдун бүтүндүгүн жана коомдук-маданий өтүүчүлүктү, ырааттуулукту сактоодо негизги ролду ойнойт. Дүйнө элдеринин тилинде тарых, азыркы учур жана келечек чагылдырылып, өздүк тарыхтын мейкиндиги түзүлөт. Мындай жаатта тилдин натыйжасында ар бир адамдын аң-сезими социомаданий жана виртуалдык реалдуулукка кошулат, анткени тилде этностордун реалдуу дүйнөнү практикалык жана руханий өздөштүрүү боюнча жалпыланган тажрыйбасы бекемделген. Тил бир жагынан этностордун практикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжасы, маданияттын негизги элементи болсо,

экинчи жагынан маданиятты түзүүчү күчтүү каражат катары каралат; ошол себептүү тил өзүнүн маани-манызы боюнча маданияттын күзгүсү, казынасы, алып жүрүүчүсү иретинде бааланат.

Тилдин жардамы менен адамдардын белгилик эс-тутуму калыптанат; ал нечендеген доорлордон бери жыйналып, топтолуп келген билимдерди, эмгек ыкмаларын сактап, баарлашуу процессиндеги социомаданий тажрыйбаны кийинки муундарга өткөрүп берүүчү калетсиз каражат катары баалуу. Тигил же бул улуттук тил топтолгон маалыматтарды белгилик системада чагылдырып, адамдардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн негизги өзөгү, формасы болуп саналат. Тил феноменинин социалдык-маданий баалуулугу аркылуу дүйнө тааным, көз караш, интеллектуалдык-руханий дөөлөт калыптанат. Этникалык маданияттын, тилдин конкреттүү алып жүрүүчүлөрү ошол маданиятка мүнөздүү болгон нарк-насилдерди, элестөөлөрдү жана образдарды пайдаланып ой жүгүртөт. Бул руханий көрүнүштөр сөз, тил аркылуу улуттук маданияттын манызын, мазмунун, өзгөчөлүгүн, тарыхый-маданий салттарды, улуттук өздүк аң-сезимди, этностордун менталитетин чагылдырат. Демек, тилдин түзүмдүк жана социалдык-лингвистикалык, лексикалык өзгөчөлүктөрү дүйнө кабылдоого, баалуулуктук ой жүгүртүүгө белгилүү таасирин тийгизет. Дегеле социумдун, адамдардын социомаданий тажрыйбасы түрдүү тилдик формаларда берилет.

Этностун, улуттун негизги аныктоочу белгиси катары тил көптөгөн функцияларды аткарат, анын эки функциясын өзгөчө бөлүп кароого болот; биринчиден, тил этнодифференциациялоочу белги катары көрүнөт, ошондой эле социалдык биримдикке интеграциялоону камсыз кылат. Экинчиден, тил коммуникациянын бардык катышуучулары тарабынан колдонулган жалпылык аркылуу кабыл алынган семантиканы иштеп чыгып, олуттуу коммуникативдик каражат катары кызмат аткарат. Ошону менен бирге эле тилдин жардамы аркылуу этномаданий иденттүүлүк сакталат. Тил индивидуумдун өзүнө, башкаларга карата түшүнүктөрүн, элестөөлөрүн, анын жакшылык, жамандык сыяктуу көрүнүштөрдү өздөштүрүүнүн жана социумга өткөрүп берүүнүн негизги ыкмасы жана формасы болуп саналат. Белгилик маданий-руханий система иретинде тил муундардын жалпыланган тажрыйбасын чагылдырып, социалдык-маданий өтүүчүлүктү камсыздоочу каражат.

**«Ааламдашуу шартында тилдердин функциялануу өзгөчөлүктөрү»** аттуу экинчи параграфта ааламдашуу процессинин азыркы тилдердин болмушуна тийгизген таасиринин мүнөзү жана натыйжалары изилденет.

Адамзаттын эволюциялык өнүгүүсүн тилдердин пайда болуу жана жоголуу процесстеринин көрүнүшү катары карай турган болсок, бүткүл дүйнөлүк тарыхта эки карама-каршы тенденцияны байкоого болот, анын

биринчиси тилдердин дифференциацияланышын чагылдырат, экинчиси - бир тилдин башка тилди өзүнө сиңирип алышы менен байланышкан. Бул тенденциялар түрдүү тарыхый доорлордо бири-биринин үстүнөн басымдуулук кылып турган. Социалдык-экономикалык, аны менен бирге маданий-руханий процесстерди алдыга жылдырган ааламдашуу шартында тилдердин жоголуусу тездик менен жүрүүдө, бул абал бир эле тилде эмес, дүйнөнүн маданий сүрөтүндө да олуттуу өзгөрүүлөрдү пайда кылат. Анткени тил маданияттын негизги түзүүчүсү болуп саналат. Д. Харрисон таасын белгилегендей: «Тилдин жоголушу менен адамдардын мезгил, курчап турган айлана-чөйрө, математика, миф, музыка жана башкалар жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөрү жоголот» [Когда умирают языки http://www.bigbook. ru/litnews/detail.php?ID=3315].

Тилдин негизги милдети – баарлашуу каражаты катары кызмат аткаруу; ал маалыматты сактоо жана өткөрүп берүү функциясы менен чектелип калбастан, дүйнө жөнүндөгү билимдердин калыптанышына жардам берет. Тил – курчап турган айлана-чөйрөнү жана адамдын өзүн таанып-билүү каражаты. Тилдин жардамы аркылуу активдүү таанып-билүүчүлүк жана эмгек ишмердүүлүгүндө дүйнөнүн маалыматтык сүрөтүн өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк бар. Дүйнөнүн сүрөтү - бул маалыматтык байланыштардын белгилик системаларынын, көрүнүштөрүнүн жыйындысы болсо, тилди социалдык-маалыматтык байланыштардын өзгөчө түрү катары кароого болот. Тилдин натыйжасында дүйнөнүн маалыматтык сүрөтү өнүгүү калыптанат.

Тил өзүнүн ийкемдүүлүгүнө жана башка лингвистикалык түзүлүштөрдү кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнө карабастан этникалык иденттүүлүктү сактоочу каражат катары баалуу, ал эми ааламдашуу көп тилдердин кыскаруу процессин тездетүү менен бирге тили жоголуп бара жаткан муундардын ортосундагы байланыштардын үзүлүшүнө өбөлгө түзөт. Андан тышкары ааламдашуу процесси билимдерди интенсивдүү берүүгө жана алмаштырууга жардам берет. Маалыматтын жалпы көлөмү тез көбөйүп бара жаткандыгына байланыштуу артта калган элдер маданий конкуренцияга туруштук берүү үчүн тигил же бул чет тилин (көбүнчө-англис тилин) үйрөнүүгө мажбур болушат.

Адамзаттын өнүгүүсүнүн маалыматтык коом катары аныкталган азыркы баскычында жашоонун социалдык-маданий жана руханий чөйрөсүндө радикалдуу өзгөрүүлөр жүрүүдө, алар коммуникациялык процесстердин мүнөзүн жана интенсивдүүлүгүн түп тамыры менен өзгөрткөн ааламдашуу процессине байланышкан мамилелер системасы менен коштолот. Көп маданияттуу коомдо тилдин ролу маңыздуу түрдө жогорулайт, анткени маданияттар жана тилдер аралык байланыштар чек араларды жоюп, этникалык маданияттардын коргоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

XX кылымдын экинчи жарымында ааламдашуу жана интеграция процесстерине байланыштуу этникалык өздүк аң-сезим активдеше баштады, башка «жасалма» түзүлгөн жалпылыктардан айырмаланып, этнос тарыхый мүнөздө калыптанган жамаат болуп саналат, ал эми терең маданий-руханий тамырга ээ болуу этникалык туруктуулукту камсыз кылат. Мында тил этностун ичиндеги мамилелерди калыптандырып, колдоо менен бирге өзүнүн негизги функциясын аткарат, тактап айтканда, изилденип жаткан кубулуш социалдык өз ара карым-катнашты координациялайт. Тил социалдык-маданий тажрыйбаны түзүүнүн, сактоонун жана кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн негизги формаларынын бири катары, ошондой эле субьективдүү тажрыйбаны жана маанилерди, императивдерди обьективдештирүү каражаты иретинде социалдык-психологиялык феномендердин социалдык реалдуулукка, фактыларга кайра түзүлүшүнө өбөлгө түзөт. Ушуга байланыштуу ааламдашуу процесси жана жаңы маалыматтык-коммуникативдик технологиялардын ыкчам өнүгүшү менен шартталган жаңы кырдаалда этномаданий иденттүүлүк проблемасы зарылдык түрдө биринчи орунга чыгып, аталган шартта этномаданий өтүүчүлүктү камсыз кылган негизги социомаданий феномен катары баалуу болгон тилдин ролун аныктоого карата жаңы мамилени иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыгат.

**«Англис тилинин ааламдашуу шартындагы ролу»** аттуу экинчи бапта англис тилинин дүйнөгө жайылышынын негизги себептери, глобалдык тил катары таанылышы, анын дүйнөгө таркалышынын таасирлери, ошондой эле азыркы глобалдык лингвистикалык процесстерге байланыштуу кыргыз тилинин абалы жана келечеги изилденет.

«**Англис тили дүйнөлүк маданияттын контекстинде»** деп аталган биринчи параграфта бул тилдин бүткүл дүйнөгө жайылышынын жана анын глобалдык тил катары калыптанышынын себептери изилденет.

Англис лингвисти Д. Кристалдын пикири боюнча XXI кылымдын башталышында англис тилинде сүйлөгөндөр 1 млрд. 100 миллионго жеткен жана анын төрттөн бир бөлүгү гана англис тилин эне тилим деп эсептейт, ал эми англис тилинде сүйлөгөндү үйрөнүүнү каалагандардын саны болсо ылдамдык менен күн сайын өсүүдө [Кристал Д. Английский язык как глобальный. – М.: Весь мир, 2001. – 4-б.].

Тарыхый-маданий тажрыйба көрсөткөндөй, олуттуу саясий, аскердик жана экономикалык бийликтен, таасирден тышкары эч кандай тил эл аралык баарлашуунун каражатына айлана албайт. Эгер тигил же бул этнос же калк дүйнөлүк аренада жогорку ийгиликтерге жетишкен болсо, анда бул жагдай зарылдык түрдө анын ролунун жогорулашына алып келет. Аталган кырдаалды толугу менен англис тилине карата колдонууга болот. XX кылымдан бүгүнкү күнгө чейин АКШ Улуу Британия менен катар дүйнөлүк лидер мамлекет катары белгилүү. XIX кылымдын башында

Улуу Британия өнөр жай революциясынын натыйжасында негизги өндүрүштүк жана соода державасына айланган. XIX кылымдын аягында АКШнын калкы Батыш Европадагы башка өлкөлөрдү калкынын саны боюнча басып өтүп, динамикалык жана өндүрүмдүү экономикага ээ болгон.

Тилдин эл аралык мааниге ээ болушунун негизги шарттарынын бири болуп мамлекеттин социалдык-экономикалык, технологиялык жана аскердик күч менен бекемделген саясий абалы эсептелет. Техника жана технологиянын кескин өнүгүшүнө, ошондой эле трансулуттук корпорациялардын пайда болушуна байланыштуу XX кылымдын башында экономикалык фактор чечүүчү мааниге ээ болгон. Анын натыйжасында бул доордо британдык саясий система англис тилинин бүткүл жер шарына жайылышына өбөлгө түзгөн. Англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдүн аймагында ийгиликтүү экономика калыптанып, гүлдөгөн.

Акыркы мезгилдеги илимий-техникалык революция, электроэнергия өнүккөндөн кийин иштелип чыккан жетишкендиктер англис тилинин жайылышына шарт түзгөн. Андан тышкары бул жагдайда Голивуддагы киностудиянын, кинематографиянын өнүгүшү да чоң мааниге ээ. Ошондой эле англис тили илим менен техника тармагында да негизги орунда туруп, билим берүүгө жол ачкан. Аны менен катар эле глобалдык тилдин жайылышына дүйнөлүк жамааттын биригүүгө умтулушу, эл аралык мамилелердин кеңейиши, бирдиктүү жашоодо өз ара түшүнүүчүлүктү талап кылган түрдүү маданий кубулуштардын пайда болушу да өбөлгө түзгөн. Жасалма тилдер колдонуу чөйрөсү чектелгендигине байланыштуу мындай функцияны аткара албайт эле. Маалыматтык коом сыяктуу өнүгүүнүн жаңы баскычына өтүү менен бирге англис тили дагы бир топ артыкчылыктарга ээ болду, анткени маалыматтык технология жана байланыш системасындагы революция биринчи кезекте АКШда болуп өткөн.

Өнүккөн коомдо калктын көпчүлүк бөлүгү маалыматты, айрыкча анын эн жогорку формасы катары белгилүү болгон билимдерди өндүрүп, сактап, кайра иштетип, ишке ашырат. Адамзаттын өнүгүүсүнүн соңку баскычтары да технология жана байланыш же массалык маалымат каражаттары менен тыгыз байланышта болот. Ушул көз караштан алып караганда да англис тили бир топ артыкчылыктарга ээ. Англис тилиндеги маалыматтардын көлөмү башка тилдерге караганда көптүк кылат. Демек, англис тилинин маалыматтык лидерлигин эч ким четке кага албайт. Аталган жагдайга ылайык англис тили ааламдашуу, жаңы экономика жана ошондой эле интернет доорунда дүйнөлүк тил статусуна ээ болууда.

Англис тилинин маалыматтык үстөмдүк кылышы түрдүү социалдык-лингвистикалык системаларды өзгөрүүгө дуушар кылып, менталдык

мейкиндиктин бурмаланышына алып келиши мүмкүн. XX кылымдын аягында, айрыкча азыркы англис тили саясат, экономикалык пресса, реклама, радио, кино жана музыка, туризм, коопсуздук, коммуникация сыяктуу системаларда, андан тышкары илим жана билим тармагында басымдуулук кыла баштады. Эл аралык мамилелер да улуттук тилдерге белгилүү деңгээлде таасирин тийгизүүдө. Анткени божомол менен алганда дүйнө боюнча 80% коммерциялык сүйлөшүүлөр англис тилинде жүрөт. Табигый илимдер тармагындагы жана математика боюнча жарык көргөн эмгектердин дээрлик 90% англис тилинде чыгарылган. [Глобализация и судьбы языков http://old.lgz.ru/article/18254/].

Ааламдашуу шартындагы билим берүү саясаты да айрым тилдердин кыскарышына өбөлгө түзүүдө. Көптөгөн университеттер студенттерге англис тилинде окутууну сунушташат. Мындай окуу программалардын, саясаттын максаты болуп чет өлкөлүк студенттерди көбүрөөк тартуу жана студенттерин, профессордук окутуучулук курамын ааламдашуу процессине даярдоо эсептелет. Бул жагдайлар эне тилин окутууга карата мотивацияны үзгүлтүккө учуратып, ой жүгүртүү тибин өзгөртөт. Ушуга байланыштуу ааламдашуу шартында көпчүлүк элдер бирдиктүү маданий мейкиндикке тартылып, бул процессте техникалык жана социалдык-экономикалык жактан күчтүү элдер үстөмдүк кылат. Айтылган жагдайлардын бардыгы Кыргызстандын лингвистикалык мейкиндигинде англис тилинин ролунун күчөшүнө өбөлгө түзөт.

**«Англис тилинин жайылышынын этномаданиятка тийгизген таасири»** аттуу экинчи параграфта изилденип жаткан феномендин дүйнөгө кенири таркалышынын элдердин маданиятына тийгизген таасири иликтенет.

Дүйнө элдеринин тарыхый-маданий өнүгүүсү көрсөткөндөй, тигил же бул элдин маданиятынын негизинде жашоо багыттарынын бири катары белгилүү болгон баалуулуктар системасы жатат. Аксиологиялык ченемдер вербалдык мүнөздө лингвистикалык талдоого алынат жана тилден тышкары жашай албаган аң-сезимди иликтөөнүн каражаты болуп эсептелет. Ар бир элдин психологиясы, менталитети коммуникативдик жүрүм-турум стилинде, тилде жана жашоо образында чагылдырылган баалуулуктар системасы менен мүнөздөлөт.

Түрдүү лингвомаданияттарды алып жүрүүчүлөрдүн нарк-насилдеринин түзүмү, баалуулуктук системалары бири-биринен айырмаланып турат. Мындай жагдай этномаданий социумдун субъектилеринин байланыш ишмердүүлүгүн камсыз кылган жана коммуникативдик аң-сезимге тиешелүү болгон жагдайда тилде чагылдырылат. Лингвомаданияттагы баалуулуктар элдин коммуникативдик жүрүм-турумуна жана байланыштын улуттук стилинин калыптанышына белгилүү таасирин тийгизет. Демек, социумдун өз эне

тилинен башкасына өтүшү бөлөк элдердин жүрүм-турумун кабыл алууну, мурункудан айырмаланган этнобайланыштык системанын калыптанышын түшүндүрөт. Адамдардын тез өсүп жаткан мобилдүүлүгү жана маалыматтын кескин өсүшү бардык планетанын чегиндеги маданий бир тараптуулукка жана аз сандагы элдердин тилинин жоголушуна алып келиши ыктымал.

Глобалдык социалдык-экономикалык процесстер жана массалык маалымат каражаттары англис тилинин ааламдашуу шартында бүткүл дүйнөдөгү маданияттын тышкы жактарын гана кайра өзгөрүүгө дуушар кылбастан, улуттук тилдердин санын кыскартып, алардын маани-манызын чектеп, мазмундук бөлүгүн азайтат. Дүйнөлүк экономика универсалдуу мүнөзгө ээ болгондугуна байланыштуу көпчүлүккө аздыр-көптүр түшүнүктүү болгон тил эл аралык мамилени бекемдөө, аны менен катар башка мамлекеттер менен соода жүргүзүү максатындагы негизги таянычка айланат. Мындай жагдай улуттук азчылыктын тилдерин акырындык менен четке сүрүп чыгарат. Андан тышкары телекоммуникация тилдерди бирдиктүү стандартка алып келүүгө умтулат.

Тилдердин санынын азайышына билим берүү чөйрөсүндө жүргүзүлгөн мамлекеттик саясат да белгилүү таасирин тийгизет. Анткени өнүккөн мамлекеттерде илимий-техникалык чөйрөдө артта калбаш үчүн көптөгөн жогорку жана орто окуу жайларында студенттерди англис тилинде окутушат. Мындай окуу жайлардын саны тынымсыз өсүп, бул жагдай ой жүгүртүү тибинин, аны менен кошо менталитеттин терең өзгөрүшүнө ылайыктуу шарт түзөт.

Ааламдашуу түрдүү элдерди жана мамлекеттерди өзүнө ар кандай каражаттар жана өбөлгөлөр аркылуу тартат. Экономика адам жашоосунун бардык жактарына терең таасир тийгизгендигине байланыштуу ааламдашуу социалдык-экономикалык чөйрөгө негизги басымды жасайт. Ошол себептүү улуттук экономиканы жана глобалдык чарбалык интеграцияны унификациялоо зарылдыгы жөнүндө айтууга болот; ал жагдай сөзсүз түрдө маданияттардын унификациясына алып келет.

Ааламдашуунун азыркы баскычынын принципиалдык жаңылыгы анын темпинде жана масштабында эле эмес, бул процесстин багытында да чагылдырылат. Ааламдашуу Батыштын маданий практикасы жана стратегиясы катары Чыгыш баалуулуктарын баш ийдирүүгө жана ассимиляциялоого багытталган. Башкача айтканда, ааламдашуу Батыш маданиятынын жана институттарынын үлгүлөрүн, нормаларын, баалуулуктарын жайылтууга умтулат. Демек, ааламдашуунун маданий өзөгү батыш цивилизациясы болсо, анын лингвистикалык негизи катары англис тили таанылды. Ааламдашуу батыш маданияты тарабынан башка маданияттарды, ошондой эле англис тилинин башка тилдерди өзүнө сиңирип алуу процесси болуп саналат. Ааламдашуу тез темпте өнүгүп

жаткандыгына байланыштуу бул процесске тартылган мамлекеттер жана элдер көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушат.

Англис тилинин кеңири жайылышы түрдүү өлкөлөрдүн экономикасында, саясатында окшош структураларды эле калыптандырбастан, батыш маданиятын локалдык шарттарга жана жергиликтүү каада-салттарга, этномаданиятка ыңгайлаштырууга аракет жасайт. Мындай шартта адам ишмердүүлүгүнүн аймактык формалары түрдүү мүнөзгө ээ болот. Ааламдашуу жергиликтүү маданияттарга жана баалуулуктарга башка цивилизациялардын жаңы тажрыйбасын тандоо жолу аркылуу өздөштүрүү жана кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн да жаратуу менен ал маданиятты жана аксиологиялык ченемдерди сактоону да камсыз кылат.

**«Англис тилинин жайылуу шартындагы кыргыз тили»** аттуу үчүнчү параграфта англис тилинин дүйнөгө таркалуу шартындагы эне тилибиздин абалы жана келечеги талданат.

Англис тилинин глобалдык тил статусуна ээ болушу тилдердин жана маданияттардын тарыхында өзгөчө кубулуш болуп саналат жана планетадагы тилдик жана маданий мурастардын сакталышын камсыздоого өбөлгө түзөт. Бир топ изилдөөчүлөр жана саясий ишмерлер тарабынан ар тараптуу өнүккөн элдердин тилдери азыркы социомаданий кырдаалда улуттук тилдердин жана маданияттардын кийинки өнүгүшү үчүн зор таасир тийгизиши каралган [Урманбетова, Ж.К. Культура кыргызов в проекции философии истории. – Бишкек, 1997. –10- 86-б.]. Ал эми ааламдашуу шартында дүйнөлүк баарлашуунун тили катары белгилүү болгон англис тилинин башка тилдер жана дүйнөлүк маданияттар менен өз ара байланышы жөнүндөгү маселе актуалдуу көйгөйлөрдүн бирине айланды.

Нечендеген кылымдар бою бири-биринен көз карандысыз жана бөлүнүп жашаган кыргыз уруу жана уруктары өздөрүн кыргыз катары эки негизги белги жана критерий, тактап айтканда, тууганчылык жана тилдин жалпылыгы аркылуу идентификациялашкан. Маданий, тиричиликтик, диний жана социалдык, саясий, уруу-уруктук бөлүнүү, тууганчылык системасына таянуу кыргыздарга этностук, улуттук өзгөчөлүгүн, ошондой эле тилин сактоого жардам берген. Трайбализмдин тарыхый принциптери терең тамырга ээ. Жашоо үчүн күрөштүн катаал шарттарында уюмдашкан, бириккен социумдар гана ийгиликтерге ээ болушкан, бул жагдайга тууганчылык байланыштар системасы аркылуу жетишилген. Мындай жагдайда көптөгөн мезгилдер бою кыргыз тилинин жоголуу коркунучу аны алып жүрүүчүлөрдү физикалык жок кылуу менен байланышкан, мобилдүү жашоо формасы бул процесске мүмкүндүк берген эмес. Кыргыз уруу жана уруктары отурукташкан жашоо образына өткөн мезгилден

тартып маданий-руханий жана лингвистикалык ассимиляция процесси күчөгөн, ал басымдуулук кылган элдер тарабынан ишке ашкан.

XIX кылымдын башында кыргыз уруу, уруктары жашаган аймактар кескин кыскарып, көп сандаган жана аскердик, социалдык-экономикалык жактан күчтүү өнүккөн отурукташкан этностор өз маданиятын, тилин таңуулай башташкан. Кыргыз аймактарынын Россиянын составына кошулушу менен элибиздин тарыхында жаңы баскыч калыптанып, лингвистикалык көз караштан кыргыз тилинин кыскарышына өбөлгө түзүүчү факторлор пайда болгон.

Мамлекеттик идеологиянын негизин түзгөн интернационализм Советтер Союзу доорунда Россия империясынын жаңы формасы катары мамлекет тарабынан орусташтыруу саясатына трансформацияланган, аны ишке ашырбай туруп өлкөнү саясий жана экономикалык бирдиктүү бүтүндүк катары кароого болбойт эле. Бирок Советтер Союзунун жоюлушунун жана Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушунун натыйжасында республикада орусташтыруу процесси токтогон. Кыргыздардын көпчүлүк массасынын айыл жергесинде жайгашышы кыргыз тилинин сакталып калышына өбөлгө түзгөн.

Бүгүнкү күндө кыргыз тилине тышкы миграция олуттуу таасир тийгизип жатат, бул процесске калктын көпчүлүк бөлүгү тартылган. Көптөгөн жарандар Кыргызстандагы жумушсуздуктун натыйжасында россиялык жарандыкты кабыл алып, биздин республикадагы экономикалык кырдаалга байланыштуу башка өлкөлөргө отурукташып, натыйжада жаш муундар кыргыз тилин кеңири, терең өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүктөр азайууда.

Орус тилинин Кыргызстандагы лингвистикалык кырдаалга тийгизген таасири да өзгөчө орунду ээлейт. Аны географиялык жана тарыхый факторлорго байланыштырып түшүндүрүүгө болот. Англис тили өзгөчө компенсатордун ролун аткарып, бир жагынан ал Кыргызстандын аймагында орус тилинин кеңири жайылышына белгилүү деңгээлде тоскоолдук көрсөтүп, эне тилибизди орус тилдик ассимиляциядан сактаса, экинчиден, Кыргызстанда көп (үч) тилдүүлүктүн түзүлүшүнө керектүү шарттарды түзөт. Жогоруда айтылгандар англис тили тарыхый келечекте кыргыз тили үчүн коркунуч туудурбашын далилдейт.

Англис тилин бүгүнкү геосаясий мейкиндикте айыл жергесиндеги калкка караганда шаардык эл көбүрөөк колдонууда. Башкача айтканда, аталган тил азырынча республикабызда массалык мүнөзгө эмес, элитардык мааниге ээ. Анткени тил жетиштүү деңгээлде татаал феномен болгондугуна байланыштуу аны өздөштүрүү үчүн кеминде эки же үч муун талап кылынат. Андан тышкары айрыкча айыл жергесинде англис тилин массалык мүнөздө өздөштүрүп, кеңири жайылтса деле, ал жагдай эне тилин четке кагып алмаштырууга алып келбейт. Аны менен катар эле үч

негизги процесс менен шартталган азыркы глобалдык тенденцияларды да эске алуу зарыл. Биринчиден, адамзаттын илимий-техникалык өнүгүүсүнүн кескин тездешин кароого болот. Экинчиден, өнүгүүнүн интеграциялык мүнөзүн эске алуу зарыл. Үчүнчүдөн, маалымат алуу, берүү процессинин тездеши да зор мааниге ээ; мындай жагдайда маалымат коомдун мындан ары социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн негизги факторунун бири болуп саналат. Бул процесстердин баары англис тилинин Кыргызстандагы ролунун, баркынын өсүшүнө алып келет. Мындай жагдайда англис тилинин Кыргызстандын маданий жана лингвистикалык чөйрөсүнө тез сиңип кетиши күтүлөт.

**"Корутундуда" төмөндөгүдөй жалпы логикалык жыйынтыктар алынды:**

1. Тилде тигил же бул элдин тарыхый тажрыйбасы топтолуп, андагы айырмачылыктардын негизинде дүйнөнүн этникалык сүрөтүндө да өзгөчөлүктөр пайда болот. "Дүйнөнүн этникалык сүрөттөлүшү" түшүнүгү этникалык тилде бекемделген, этностун маданий-тарыхый өзгөчөлүгүнүн негизинде пайда болгон дүйнө кабылдоону билдирет. Дүйнөнүн баалуулуктук жана тилдик, этникалык сүрөтүнүн ортосунда тыгыз байланыш бар. Дүйнөнүн баалуулуктарынын өзгөрүшү ааламдын этникалык сүрөттөлүшүнүн өзгөрүшүнө алып келет. Мында маданият да тил менен бирге этникалык сүрөткө сиңет. Башкача айтканда, маданияттын тигил же бул элементинин күчөшү тилдин таасирин да күчөтөт. Универсалдык кеңири жайылган тилдин функцияланышы аз сандагы элдердин тилинин жоголуу процессин тездетет. Коомдук өнүгүүнүн күч алышы өз ара түшүнүүчүлүктүн зарылдыгын жана улуттук өзгөчөлүктү сактоо муктаждыгын пайда кылды. Түрдүү шарттарга ылайык элдердин билим деңгээли, көлөмү жана сапаты ар кандай мүнөзгө ээ. Ааламдашуу процессинде илимий-техникалык жана материалдык-финансылык жактан күчтүү өнүккөн элдердин билимин экономикасы, социалдык абалы алсыз элдерге жайылтууга аракеттер жасалат. Бирок маалыматтын көптүгүнө байланыштуу жана өнүгүүдөн артта калбашы үчүн айрым элдер дүйнөлүк тилдерди, айрыкча дүйнөлүк маалыматтык мейкиндикте кеңири жайылган англис тилин үйрөнүүгө мажбур болушат.

2. Бүгүнкү социомаданий шартта англис тилинин мындан аркы жайылышынын жана бекемделишинин негизги факторлорунун бири болуп аталган тилдин азыркы билим берүүнүн негизи болгон илим менен техникага жол ачкандыгы саналат. Глобалдык тилдин пайда болушу дүйнөлүк жамааттын биригүүгө умтулушу, эл аралык байланыштардын кеңейиши менен шартталат. Жасалма тилдер колдонуу чөйрөсүнүн чектелгендигине байланыштуу мындай функцияны аткара албайт. Англис

тили аркылуу чагылдырылган маалыматтык мейкиндик жана өзүнө камтыган массалык маалымат каражаттары, басма, телевидение, интернет, кино, радио, китепканалык фонддор жана башка маалыматтык булактар, илимий-техникалык адабияттар дүйнөдөгү эл аралык байланыштын негизги каражаты болуп саналат. Демек, азыркы дүйнөдө улуттук маданият глобалдык маданиятка ыктоодо.

3. Глобалдык тилдин жайылышына дүйнөлүк жамааттын биригүүгө умтулушу, эл аралык мамилелердин кеңейиши, бирдиктүү түшүнүктү талап кылган түрдүү маданий кубулуштардын пайда болушу да өбөлгө түзгөн. Адамзаттын өнүгүүсүнүн соңку баскычтары да технология жана байланыш каражаттары менен тыгыз байланышта болот. Ушул көз караштан алып караганда да англис тили бир топ артыкчылыктарга ээ. Англис тилиндеги маалыматтардын көлөмү, мазмуну башка тилдерге караганда айырмаланып турат. Демек, англис тилинин маалыматтык лидерлигин дүйнөлүк тилдердин бири да четке кага албайт. Аталган жагдайга ылайык англис тили ааламдашуу, жаңы экономика жана интернет доорунда дүйнөлүк тил статусуна ээ болууда. Ааламдашуу шартында көпчүлүк элдер бирдиктүү маданий мейкиндикке биригип, мында техникалык жана экономикалык жактан күчтүү өнүккөн элдер үстөмдүк кылат. Бул жагдайлардын баары англис тилинин маанисинин, ролунун күчөшүнө алып келет.

4. Улуттук тил сыяктуу эле улуттук маданият да өзгөчө аксиологиялык ченемдери менен баалуу. Анткени алар бул дүйнөдөгү болмушту көрүү жана анын маанисин аңдоо өбөлгөсү болуп саналат. Бул өзөктөн тышкары улуттук маданият жана тил жоголуу коркунучуна дуушар болот. Англис тили кыргыз тилин сүрүп чыгарбаганы менен, Кыргызстанда, айрыкча шаарларда жакынкы он жылда кыргыз жана орус тилинен кийинки эң керектүү, талап кылынган тилдердин бирине айланышы мүмкүн. Изилденип жаткан тилдин ааламдашуусу түрдүү өлкөлөрдун экономикасында, саясатында окшош структураларды эле калыптандырбастан, батыш маданиятын локалдык шарттарга жана жергиликтүү каада-салттарга ыңгайлаштырууга аракет жасайт. Батыш маданиятын чагылдырган глобалдык маданияттын таасири кыргыз элинин трансформацияланган салттуу баалуулуктар системасынан ачык көрүнөт. Жалпы дүйнөлүк тенденцияга умтулган элдер сыяктуу эле кутман калкыбыз да ааламдашуудан четтей албайт, демек, кыргыз маданиятынын салттуу элементтери массалык маданияттын элементтерин өзүнө сиңирет. Мындай шартта адам ишмердүүлүгүнүн аймактык формалары түрдүү мүнөзгө ээ болот. Англис тилинин жайылышы жергиликтүү маданияттарга жана баалуулуктарга башка цивилизациялардын жаны тажрыйбасын тандоо жолу аркылуу өздөштүрүү, ошондой эле кабыл алуу

мүмкүнчүлүгүн калыптандырат, мындай жагдай конструктивдүү диалог шартында гана түзүлүшү мүмкүн.

5. Бүгүнкү геосаясий мейкиндикте англис тили маанилүү орунга ээ, англис тилинин дүйнөгө кенири таанымалдыгына карабай Кыргызстанда жайылышынын деңгээли анчалык жогору эмес жана кыргыз тили же орус тили менен атаандаша албайт деп мүнөздөөгө болот. Башкача айтканда, жыл өткөн сайын англис тили өз ордун Кыргызстанда бекемдей баштаганына карабастан англис тили кыргыз тилинин келечегине анчалык коркунуч туудурбайт. Англис тилине бүгүнкү геосаясий мейкиндикте айыл жергесиндеги калкка караганда шаардык эл көбүрөөк муктаж. Башкача айтканда, аталган тил азырынча республикабызда массалык мүнөзгө эмес, элитардык мааниге ээ. Анткени тил жетиштүү деңгээлде татаал феномен болгондугуна байланыштуу аны өздөштүрүү үчүн keминде эки же үч муун талап кылынат.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Ысмаилова, Р. А. Тил менен маданияттын катышы: философиялык анализ [Текст] / Р. А. Ысмаилова // Гуманитарные проблемы современности. – Бишкек, 2014. -124-126-б.;
2. Ысмаилова, Р.А. Ааламдашуу шартында англис тилинин ролу. [Текст] / Р.А. Ысмаилова // Гуманитарные проблемы современности. – Бишкек, 2014. – 129-131-б.;
3. Ысмаилова, Р. А. Этномаданий иденттүүлүктү өнүктүрүүдөгү тилдин ролу [Текст] / Р. А. Ысмаилова, Э.К. Шарипова // Гуманитарные проблемы современности. – Бишкек, 2015. -58-61-б;
4. Ысмаилова, Р.А. Глобализация английского языка [Текст] / Р.А. Ысмаилова // «Инновационные технологии в науке и образовании». Научный журнал ЦНС «Интерактивплюс». – Чебоксары, 2015. -274-276-б.;
5. Ысмаилова, Р. А. Кыргызский язык в условиях глобализации [Текст] / Р. А. Ысмаилова // «Инновационные технологии в науке и образовании». Научный журнал ЦНС «Интерактивплюс». – Чебоксары, 2015. -277-279-б.;
6. Ысмаилова, Р. А. Английский язык в условиях глобализации [Текст] / Р. А. Ысмаилова // «Успехи современной науки». Научно-исследовательский журнал. №3. – Белгород, 2015. -85-87-б;
7. Ысмаилова, Р. А. Лингвистические процессы в условиях глобализации [Текст] / Р. А. Ысмаилова // ОшМУ жарчысы (котормочулар күнүнө арналган эл аралык илимий-практикалык конференция). -Ош, 2015. - №4. -42-45-б.;

8. Ысмаилова, Р. А. The impact of globalization and the internet on English language teaching and learning [Текст] / Р.А. Ысмаилова // ОшМУ жарчысы (проф. Б.М. Мурзубраимовдун 75 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференция). – Ош, 2015. - №4. –177-178-б.;

9. Ысмаилова, Р. А. Последствия распространения английского языка в современном мире [Текст] / Р.А. Ысмаилова, О. А. Тогусаков // Инновационные технологии в науке и образовании (РИНЦ).- Чебоксары: ЦНС «Интерактив плюс», 2016. – № 1 (8). –271-273-б.;

10. Ысмаилова, Р. А. Англис тилинин дүйнөгө жайылышынын этномаданиятка тийгизген таасири [Текст] / Р.А. Ысмаилова // Вестник ОшГУ. - Ош, 2016. - №1. –123-125-б.;

11. Ысмаилова, Р. А. Возникновение глобального языка [Текст] / Р.А. Ысмаилова, А.А. Акматова // Международный форум «Языковое образование в условиях социокультурной трансформации современного общества». - Казакстан, 2016.-62-65-б.

Ысмаилова Райкан Апжапаровнанын философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча жазылган

**"Англис тили ааламдашуу шартында: философиялык анализ"**

аттуу темадагы диссертациясына

**Р Е З Ю М Е**

**Чечүүчү сөздөр:** ааламдашуу, тилдин маңызы, лингвистикалык процесстер, англис тилинин ааламдашуусу, маданият, коом, байланыш, цивилизация, жаңы технологиялар.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп ааламдашуу шартында англис тилинин жайылуу процессинин натыйжалары саналат.

**Изилдөөнүн предмети** катары өзгөчө маданий жана социалдык-этникалык феномен катары тил, англис тилинин таасиринин натыйжасындагы азыркы маданий жана тилдик процесстер эсептелет.

**Диссертациянын негизги максаты** – ааламдашуу шартында англис тилинин дүйнө жүзүнө, анын ичинде Кыргызстанда жайылышынын себептерине жана натыйжаларына социалдык-философиялык талдоо жүргүзүү.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси** ааламдашуу шартындагы лингвистикалык процесстер жөнүндөгү социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Диссертациядагы теориялык-методологиялык нуктагы натыйжаларды азыркы лингвистикалык процесстерди талдоодо, тилдин келечектеги өнүгүү тенденциясы менен байланышкан проблемаларды өздөштүрүүдө, чечмелөөдө колдонууга болот.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын жана жыйынтыктарын, ошондой эле анын теориялык-методологиялык принциптерин социалдык философия, маданият таануу, маданият философиясы, маданият теориясы, глобалистика, дүйнөлүк маданият тарыхы, лингвофилософия боюнча атайын курстарды окутууда пайдаланууга мүмкүн.

Диссертациянын материалдарын ЖОЖдогу жогоруда көрсөтүлгөн предметтер боюнча лекциялык курстарда колдонууга болот. Андан тышкары аларды аталган тематика боюнча кийинки изилдөөлөргө негиз катары колдонуу мүмкүн. Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык принциптерин, корутундуларды Кыргызстандагы ааламдашуу шартында эне тилин жана англис тилдерин окутуу программаларын түзүү маселелери боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгууда пайдаланууга болот.

**РЕЗЮМЕ**

диссертации Ысмаиловой Райкан Апжапаровны на тему:
**“Английский язык в условиях глобализации: философский анализ”**,
представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия

**Ключевые слова:** глобализация, сущность языка, лингвистические процессы, глобализация английского языка, культура, общество, коммуникация, цивилизация, новые технологии.

**Обьектом** данного исследования являются последствия процесса распространения английского языка в условиях глобализации.

**Предметом** же выступают язык, как особый культурный и социально-этнический феномен, и современные культурные и языковые процессы, происходящие под влиянием английского языка.

**Основной целью** диссертации является социально-философский анализ причин и последствий распространения английского в мире в качестве глобального языка, в том числе в Кыргызстане.

В основе исследования были положены принципы диалектики. В процессе исследования были использованы системный, формально-логический и исторический методы научного познания. Использовались также системно-целостный, сравнительно-исторический, цивилизационно-культурологический подходы.

В работе использовались труды, идеи и положения представителей зарубежной философской, исторической, лингвистической и социологической мысли по языковым проблемам, а также проблемам глобализации.

**Теоретическая и практическая значимость** исследования состоит в углублении и расширении социально-философских знаний о лингвистических процессах в современных условиях глобализации, связанных с распространением английского языка в качестве мирового. Полученные в исследовании результаты, обобщенные в социально-философскую концепцию, могут рассматриваться при анализе современных лингвистических процессов, а также могут быть использованы при изучении проблем, связанных с дальнейшей судьбой английского и остальных языков планеты, в том числе кыргызского.

Материалы диссертации, а также теоретико-методологические принципы, выводы и результаты исследования могут быть использованы при создании специальных курсов по социальной философии, глобалистике, лингвофилософии, философии культуры, культурологии, истории мировой культуры и т.д.

**ABSTRACT**

of the dissertation of Ysmailova Raikan Apjaparovna on the theme:

**«English in the context of globalization: philosophical analysis»**,

presented for the degree of candidate of philosophy,

Specialty 09.00.11- social philosophy

**Keywords:** globalization, essence of the language, culture, society, communication, civilization, modern technology.

**Purpose and research problems:** The main objective of the thesis is the social and philosophical analysis of the reasons and consequences of expansion of English as a global language in the world and in Kyrgyzstan.

**Subject of research:** Language as a special cultural, social and ethnic phenomenon; modern cultural and language processes happening under the influence of English.

**The basis of the study**: research works, ideas and views of scholars from the philosophical, philological point on globalization of the English language. The study used systematic, historical, formal, logic methods of scientific knowledge. In general, the basis for the methodology of this study is the research of the spread of English as a global language in the world, including in Kyrgyztan and its influence on the ethnoculture and the national language.

The study has been carried out with reference to the cultural and civilizational approach, with the analysis of the object and subject of the study carried out taking into account the cultural and civilizational specificity of the Kyrgyz people.

**The theoretical and practical importance of the research** consists in deepening and expansion of social and philosophical knowledge of linguistic processes in the modern conditions of globalization connected with distribution of English as the world language. The results received in research, included in the social and philosophical concept, can be considered in the analysis of modern linguistic processes, and also be used in studying the problems of English language and other languages of the planet, including Kyrgyz.

Materials of the dissertation, as well as its theoretical and methodological principles, conclusions and research results, can be used in creating and developing special courses on social philosophy, global studies, lingvo-philosophy, philosophy of culture, cultural sciences, history of world culture, etc.

Форматы: 60x84/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,75 б.т.    Нускасы: 100

---

«Maxprint» басмасында басылды.

MAXPRINT
ИЗДАТЕЛЬСТВО
БАСМАСЫ

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru